КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ
БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF SCIENCE, HIGHER EDUCATION AND INNOVATION
OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720021, Кыргыз Республикасы
Бишкек ш. Москва көчөсү,62
Тел.: 996 (312) 68 08 19
Тел/факс: 996 (312) 68 17 03
https://egov.kg/ru/ministry/104
office@ilim.gov.kg

62, Moskovskaya Street,720021,
Bishkek, Kyrgyz Republic
Tel.: 996 (312) 68 08 19
Tel/fax: 996 (312) 68 17 03
https://egov.kg/ru/ministry/104
office@ilim.gov.kg

720021, Кыргызская Республика
г. Бишкек, ул. Московская, 62
Тел.: 996 (312) 68 08 19
Тел/факс: 996 (312) 68 17 03
https://egov.kg/ru/ministry/104
office@ilim.gov.kg

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 1214
«17» 09 20 26 г.

**Кыргыз Республикасынын
Президентине караштуу
Кыргыз Республикасынын
Улуттук илимдер
академиясы**

**Илимий-изилдөө
институттары**

**Жогорку билим берүү
мекемелери**

Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги Европа Бирлигинин “Горизонт Европа” (Horizon Europe) программасынын алкагында илимий-изилдөө жана инновациялык долбоорлорго катышуу мүмкүнчүлүктөрүнө арналган маалыматтык семинар өткөрүлө тургандыгын маалымдайт.

Маалыматтык семинар 2026-жылдын 12-октябрында саат 9:30да Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик китеп палатасынын жыйындар залында өткөрүлөт.

Семинардын жүрүшүндө “Горизонт Европа” программасынын түзүмү жана мүмкүнчүлүктөрү, 2027-жылга карата жумушчу программалары жана актуалдуу конкурстар, долбоордук өтүнмөлөрдү даярдоо, эл аралык өнөктөштөрдү издөө жана консорциумдарды түзүү, ошондой эле илимий-изилдөө жана инновациялык кызматташтыкты өнүктүрүү маселелери каралат.

Иш-чарага “Горизонт Европа” программасынын жана Австриянын Социалдык инновациялар борборунун (ZSI) эксперттери катышат. Ошондой эле тармактык байланыш түзүү сессиясы, Кыргыз Республикасынын “Горизонт Европа” программасынын долбоорлоруна катышуусунун

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

ийгиликтүү тажрыйбасын тааныштыруу, тажрыйба алмашуу жана эксперттерден консультация алуу мүмкүнчүлүктөрү каралган.

Ушуга байланыштуу, тиркелген маалыматты профессордук-окутуучулук курамдын, илимий кызматкерлердин, изилдөөчүлөрдүн, жаш окумуштуулардын жана эл аралык илимий жана инновациялык долбоорлорго катышууга кызыкдар адистердин арасында жайылтууну, ошондой эле потенциалдуу катышуучуларга семинарга катталуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалымат берүүгө көмөк көрсөтүүнү өтүнөбүз.

Семинарга катышуу үчүн каттоо формасын толтуруп, 2026-жылдын 8-октябры саат 17:00гө чейин j.k.bakashova@gmail.com электрондук дарегине жөнөтүү зарыл.

Катышуучулардын саны чектелүү экендигин эскертебиз. Каттоо толтурулган формалардын келип түшүү тартибине жараша жүргүзүлөт.

**Тиркеме: 6 барак**

**Министрдин орун басары** **Л.С. Сулайманова**

Атк. Каипова, 705327543

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 2636, 17.09.2026

Кол койгон: Сулайманова Л.С., 17.09.2026